# 2016-жылдагы Кыргыз Республикасындагы калктын кедейчилик деңгээли

Кыргыз Республикасындагы калктын жашоо деңгээлин өлчөөнү баалоонун натыйжалары квартал сайын 5016 үй чарбаларын камтыган жумушчу күчтөрүнүн жана үй чарбаларынын бюджеттерин тандама интеграциялык изилдөөнүн негизинде болду. Сурамжылоонун натыйжалары керектөө чыгымдары боюнча эсептелип чыккан 2016-жылдагы кедейчиликтин деңгээли жалпысынан өлкө боюнча 25,4 пайызды түзүп, мурунку жылга карата 6,7 пайыздык пунктка көбөйгөнүн көрсөтөт.

Чектик мааниси катары кедейчиликтин деңгээлин баалоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-мартындагы N 115 токтому менен бекитилген Кедейчиликтин чегин аныктоо методикасынын 3,7-пунктуна ылайык керектөө бааларынын орточо жылдык индексине индекстелген 2015-ж. кедейчиликтин чеги колдонулган. 2016-ж. жалпы кедейчиликтин чегинин нарктык чоңдугу калктын адам башына бир жылдын ичинде 31151 сомду, эң эле төмөнкү – 17052 сомду түздү.

Айыл жерлериндеги кедейчиликтин деңгээли 4,6 пайыздык пунктка, ал эми шаар жерлеринде - 10,7 пайыздык пунктка төмөндөдү.

2016-жылдагы кедейчиликтин чегинде 1 млн. 557 миң адам жашаган, анын ичинен 74,0 пайызы айылдык калк отурукташкан пунктунун жашоочулары болуп саналган.

**1-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин деңгээлинин өзгөрүлүшү**
*(калктын санына карата пайыз менен)*




2016-жылы мурунку жылга карата кедейчиликтин деңгээлинин өсүүсү Чүй облусун кошпогондо республиканын баардык региондорунда белгиленди. Кедейчиликтин өлкөнүн региондору боюнча жайылышы бирдей эмес. (1-сүрөт)

Бишкек жана Ош шаарларында (13,7 пайыздык пунктка) жана Жалал-Абад облусунда (12,8 пайыздык пунктка ) кедейчиликтин деңгээлинин олуттуу төмөндөшү байкалды. Ошону менен бирге Жалал-Абад облусунда кедейчиликтин төмөндөшүү шаар жерлериндегидей эле (12,7 пайыздык пунктка) айыл жерлеринде да (12,9 пайыздык пунктка) байкалган. Көпчүлүк аймактарга мүнөздүү болгон жалпы кедейчиликтин төмөндөшүнүн жанында негизинен анын айылдык

аймактарынын өсүшүнүн эсебинен (6,5 пайыздык пунктка) Чүй облусунда (5,5 пайыздык пунктка), ошондой эле Талас (1,7 пайыздык пунктка), Чүй (0,7 пайыздык пунктка) жана Нарын (0,2 пайыздык пунктка) облустарынын шаардык жергелеринде кедейчиликтин өсүшү байкалды.

**1-таблица: Кедейчиликтин аймактар боюнча деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **38,0** | **37,0** | **30,6** | **32,1** | **25,4** |
| Баткен облусу | 34,2 | 53,9 | 40,7 | 41,2 | 37,0 |
| Жалал-Абад облусу | 55,7 | 46,4 | 46,4 | 45,1 | 32,2 |
| Ысык-Көл облусу | 28,1 | 39,5 | 26,0 | 28,9 | 24,7 |
| Нарын облусу | 39,9 | 43,8 | 30,6 | 38,0 | 37,8 |
| Ош облусу [1] | 51,4 | 43,4 | 31,7 | 28,9 | 22,0 |
| Талас облусу | 39,6 | 23,1 | 19,0 | 21,5 | 18,1 |
| Чүй облусу | 16,6 | 23,6 | 21,6 | 24,8 | 30,3 |
| Бишкек ш. | 21,4 | 20,4 | 17,6 | 23,5 | 9,8 |
| Ош ш. | - | 40,9 | 33,4 | 38,3 | 24,6 |

[1] 2012-ж. Ош ш. кошкондо

2016-жылдагы эң төмөн кедейчиликтин деңгээли 0,8 пайызды түзүп, мурунку жылдын деңгээлине салыштырмалуу 0,4 пайыздык пунктка төмөндөдү. 2016-жылдагы эң төмөн кедейчиликтин чегинде 49 миң адам жашаган, анын ичинен 85,4 пайызы айылдык калк отурукташкан пунктунун жашоочулары болуп саналган. Шаар жерлериндеги эң төмөн кедейчиликтин деңгээли 0,7 пайыздык пунктка, айыл жерлеринде 0,3 пайызга төмөндөгөн .

**2-график: Жашаган жери боюнча эң төмөн кедейчиликтин деңгээлинин өзгөрүлүшү**

*(калктын санына карата пайыз менен)*




Кедейчиликтин жалпылай кыскарылышы менен бирге кедейчиликтин тереңдигинин жана курчтугунун көрсөткүчтөрү жакшырды. Кедейчиликтин чегине салыштырмалуу кедейлердин бюджетинин жетишсиздигин мүнөздөгөн кедейчиликтин тереңдиги 2016-ж. 4,1 пайызды түзүп, мурунку жылга

салыштырмалуу 1,8 пайыздык пунктка төмөндөдү, кедейчиликтин курчтугу 0,5 пайыздык пунктка төмөндөп, 1,1 пайызды түздү.

2016-жылы кедейчиликтин чегинен төмөн жашаган калктын каражаттарынын жетишсиздигинин көлөмү 7873,0 млн. сомду түздү, бул мурунку жылга караганда 3359,2 млн. сомго аз.

Кедейчиликтин деңгээлин эсептөө үчүн калктын кирешелеринен түздөн-түз көз каранды болгон керектөөнүн наркы пайдаланылат. 2016-жылдагы калктын адам башына эсептегенде колдо болгон акчалай кирешелер айына 4258,0 сом деңгээлинде түзүлүп, мурунку жылга салыштырганда 4,5 пайызга көбөйгөн, бул абсолюттук мааниде 183,5 сомду, ал эми алардын реалдуу наркы 104,1 пайызды түздү. Калктын колунда болгон адам башына бөлүнгөн орточо кирешелеринин өсүүсү негизинен эмгек акыдан түшкөн кирешелердин 10,2 пайызга, жеке эмгек ишмердиги – 3,1 пайызга жана социалдык трансферттер – 6,4 пайызга өсүүсү менен шартталды. Муну менен бирге жеке көмөкчү чарбалардын продукцияларын сатуудан түшкөн кирешелердин 4,7 пайызга төмөндөшү белгиленди.

Калктын акчалай кирешелеринин негизги булактары колдо болгон кирешелердин түзүмүндөгү салыштырма салмагы 66,5 пайызды, социалдык трансферттер – 16,5 пайызды түзгөн эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелер жана жеке көмөкчү чарбада өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын 12,8 пайызга сатуудан түшкөн кирешелер болуп саналды.

Адам башына бөлүнгөн орточо колдо болгон кирешелердин түзүмүндөгү эмгек акынын үлүшү 42,3 пайызды, жеке эмгек ишмердиги – 16,7 пайызды түздү.

Кирешелердин 5,8 пайызы Кыргыз Республикасынын чек арасынан тышкары ишке ашкан калктын эмгек ишмердигине туура келет. Эмгек миграциясы мурдагыдай эле түштүк региондордун калкы үчүн көбүрөөк мүнөздүү, мында жалпы кирешелердеги өлкөнүн чек арасынан тышкары ишке ашкан эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелердин үлүшү Баткен облусунда 20,6 пайызды, Жалал-Абад облусунда – 12,2, Ош облусунда – 11,2 пайызды жана Ош шаарында - 4,3 пайызды түзгөн.

**2-таблица: Калктын колунда болгон акчалай кирешелеринин аймактар боюнча түзүмү** (*пайыз менен)*

| | Эмгек ишмердиги | | Социалдык трансферт-тер | Жеке көмөкчү чарбадан түшкөн киреше | Башка киреше |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Бардыгы** | **анын ичинде Кыргыз Республикасынын чек арасынан тышкаркы** | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **66,5** | **5,8** | **16,5** | **12,8** | **4,2** |
| Баткен облусу | 67,2 | 20,6 | 17,1 | 12,9 | 2,7 |
| Жалал-Абад облусу | 68,9 | 10,2 | 16,0 | 12,5 | 2,6 |
| Ысык-Көл облусу | 47,7 | 1,0 | 17,5 | 24,8 | 10,0 |
| Нарын облусу | 37,4 | 0,1 | 30,7 | 26,9 | 5,0 |
| Ош облусу | 66,1 | 11,2 | 16,6 | 13,5 | 3,8 |
| Талас облусу | 40,1 | 0,0 | 14,7 | 42,7 | 2,5 |
| Чүй облусу | 65,0 | 0,7 | 15,7 | 14,7 | 4,5 |
| Бишкек ш. | 81,9 | 0,0 | 14,6 | 0,0 | 3,5 |
| Ош ш. | 77,3 | 4,3 | 16,2 | 0,2 | 6,3 |

Түштүк региондордун калкынын материалдык бакубатчылыгына тышкы фактордун таасир эткени ачык көрүнүп турат. Керектөө наркынан эмгек

мигранттарынын кирешелерин алып салганда кедейчиликтин деңгээли орточо эсеп менен республика боюнча 24,5 пайыздан 31,5 пайызга чейин өсүп кетээрин эсептер көрсөтүп турат. Муну менен бирге кедейчилик Баткен облусунда 37,0 пайыздан 53,6 пайызга, Ош – 22,0 пайыздан 36,3 пайызга, Жалал-Абад – 32,2 пайыздан 39,9 пайызга чейин, Ош шаарында – 24,6 пайыздан 28,9 пайызга чейин жогорулап, ошол эле убакта башка региондордо ал иш жүзүндө өзгөрүүсүз калат. Эң төмөн кедейчиликтин деңгээли 0,8 пайыздан 5,0 пайызга чейин өсүп жатканын алып салганда эмгек мигранттардын кирешелери эң төмөн кедейчиликке олуттуу таасир тийгизет.

**3-таблица: Кыргыз Республикасынын чек арасынан тышкаркы эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелерди эсепке албаганда кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **44,6** | **43,5** | **36,4** | **38,4** | **31,5** |
| Баткен облусу | 48,5 | 66,2 | 55,4 | 56,4 | 53,6 |
| Жалал-Абад облусу | 61,8 | 56,3 | 57,4 | 55,8 | 39,9 |
| Ысык-Көл облусу | 29,9 | 39,7 | 26,1 | 29,1 | 25,2 |
| Нарын облусу | 39,9 | 43,8 | 30,6 | 38,0 | 37,8 |
| Ош облусу [1] | 66,7 | 59,7 | 42,9 | 41,8 | 36,3 |
| Талас облусу | 39,6 | 23,8 | 19,0 | 21,5 | 18,1 |
| Чүй облусу | 17,5 | 23,6 | 21,8 | 25,1 | 31,0 |
| Бишкек ш. | 21,7 | 20,4 | 17,6 | 23,5 | 9,8 |
| Ош ш. | - | 44,2 | 38,0 | 43,6 | 28,9 |

[1] 2012-ж. - Ош ш. кошкондо

Мурдагыдай эле кедейчиликтин чегиндеги калктын жыштыгы жогору. Кедейчиликтин чегинин сезгичтигинин талдоосу 2016-ж. жетиштүү жашоонун индикаторунун өзгөрүүсүз түзүлгөн чоңдугунда, айына кедейчиликтин чегинин 5 пайызга же 132 сомго өсүүсүндө кедейлердин үлүшү 4,2 пайыздык пунктка өсүп жатканын, ал эми кедейчиликтин чегинин 5 пайызга төмөндөшү менен кедейлердин үлүшү 5,7 пайыздык пунктка азайып жатканын көрсөтөт. Кедейчиликтин чегинин айланасындагы калктын тыгыз концентрациясы калктын олуттуу бөлүгү кедейлер эмес категориясынан кедейлер категориясына жана тескерисинче, кедейлер категориясынан кедейлер эмес категориясына өтүү мүмкүндүгүн жогорулатат, бул кедейчиликтин деңгээлинин региондор боюнча көрсөткүчтөрүндө чагылдырылат жана жарым-жартылай кедейчиликтин өзгөрүү тенденциясын түшүндүрөт.